83.8
С 62











# Сонун китеп

## Айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматтар



83.8
С-62

Заря Мамбетова, Бек Жылдыз

# Сонун китеп

***Айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматтар***

23618



Токтогульская районная
ИНВ. № 25941
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА

Токтогульская районная
ИНВ. № ~~76853~~
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА

Бишкек-2012

УДК 821.51-93
ББК 83.8
С 62

Түзүүчүлөр:
Заря Мамбетова, Бек Жылдыз

Редактору:
Керимова Шайгүл, Мамлекеттик тил жана энциклопедия борборунун тарых, философия жана саясат таануу редакциясынын башчысы

Сүрөтчүлөрү:
Кульнар Рымбек, Искендербекова Касиет

С 62 **Сонун китеп.** Айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматтар. / Түз.: Б. Жылдыз, З. Мамбетова. Сүрөтчүлөрү К. Рымбек, К. Искендербекова. Б.: 2010. - 36 б.

ISBN 978-9967-25-875-4

Корректорлору:
Барыктабасова Турумбүбү,
Сагынбек кызы Акжолтой

Компьютердик калыпка салган жана дизайн:
Сайфутдинова Елена

Заказ № 50117. Нускасы: 4000.

«Continent Print» ЖЧКсында басылды.
720054, Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1

С 4802060000-10

УДК 821.51-93
ББК 83.8

ISBN 978-9967-25-875-4

© Ага Хан Фонду, 2012

# Мазмуну




5 Космос

6 Жер



7 Жылдыздар Ай



8 Күн

9 Булут



9 Жаан



9 Күн желеси

9 Кар

9 Чагылган

10 Жылдардын аталышы



11 Ай аттары

11 Жумадагы күндөрдүн аталышы



12 Кыргызстан



14 Жаз

16 8-март

18 21-март

20 9-май



22 Жай

24 1-июнь

26 31-август



28 Күз

30 1-сентябрь



32 Кыш

34 1-январь

36 23-февраль

# *Урматтуу ата-энелер жана кичинекей бөбөктөр!*

Силердин колуңардагы бул китеп күн, ай, жылдыздар, жер, жерибиздин жаратылышы, жыл мезгилдери, майрамдар жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды берет.


Биздин мекенибиз кандай гана кооз! Биз жашап жаткан жерибиз, тоолорубуз, талааларыбыз, айлана-чөйрөнүн баары жазында жапжашыл болуп, кар астынан байчечекейлер, короодо өстүрүлгөн нарциссер, сирендер гүлдөп чыгат. Гүлдөрдүн буркураган жыты жана ачык өңү бардык адамзатты кызыктырат. Жайында жер бетинен түркүн түстүү гүлдөрдү көрөсүң. Гүлдөр бажырайт, көпөлөктөр учупконуп, куштар сайрап турат. Гүл терип, сууга түшүп, тоого чыгып, куштардын сайраганын угуп моокумубуз канат. Ал эми күзүндө бак-дарактар алтындай сары түскө бөлөнүп, талааларда, бакчаларда, огороддордо жашылча-жемиштин түрү бышат. Кышында айлана-чөйрөнүн бардыгы ак кар жамынып, таза абада чана тээп, карга томолонуп ойнойбуз. Кайсы мезгил болбосун, Ала-Тообуздун ак мөңгүлөрү, көк Асманыбыз, жарык күнүбүз – жерибиздин көркү эмеспи. Асманда алтын күн ар дайым бизге нурун чачып, Ала-Тоонун койнунда жылдын төрт мезгилин тосуп, балалык чагыңар бактылуу өтсүн!

Урматтуу бөбөктөр! Бул “Сонун китепте” берилген күн, ай, жылдыздар, жер, жерибиздин жаратылышы, жыл мезгилдери, майрамдар жөнүндөгү маалыматтар менен ата-энеңер менен бирдикте таанышсаңар болот. “Сонун китеп” силерге баалуу маалыматтарды берүү менен бирге келечекте жаратылыш, жер жөнүндөгү илимдерге кызыккан жаштардан болушуңарга түрткү берет деген ойдобуз.

Анда эмесе силерге ийгилик, ак жол каалайбыз!

*Мамбетова Заря Жусуповна*
*Кыргыз билим берүү академиясынын лаборатория башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты*

# Космос



Космосту кыргыздар аалам дейт. Космосто Күн, Жер, Ай жана миллиондогон жылдыздар жайгашкан.

Космоско космостук корабли менен гана жетүүгө болот.

1961-жылы 12-апрелде биринчи жолу космоско Юрий Гагарин учкан.

Ал эми 1998-жылы январда кыргызстандык космонавт Салижан Шарипов космоско учкан. Ал биринчи кыргызстандык космонавт болуп калды.

Космос аркылуу кен байлыктар жана өлкөбүздүн аба ырайы изилденет. Айрым телеберүүлөрдү да космостук байланыштын жардамы менен көрөбүз.

# Жер



Жер – күндү айланган тогуз планетанын бири. Жер бизге аябагандай зор көрүнөт. Жер күндүн орбитасында турат. Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча Жер шары мындан 5 миллиард жыл мурда пайда болгон.


Күн сайын эртең менен күндүн чыгышы, кечинде күндүн батышы жердин өз огун айланышынан келип чыгат. Жер өз огун (орбитасын) батыштан чыгышты көздөй тегеренип, 23 саат, 56 минута, 4 секунданын ичинде (бир суткада) толук бир айланып чыгат. Ошол учурда күн менен түн алмашат. Эгерде Жер өз огун айланбаса, анда анын бир тарабы өтө ысып, экинчи жагы тоңуп калмак. Анда жашоо болмок эмес. Жер жалаң эле өз огун айланбастан, күндү да тегеренет. Күндүн айланасын бир жылда (365) толук бир жолу айланып чыгат.

# Жылдыздар

Жылдыздар асманда жайгашкан. Алар түн ичинде жарык, нур, шоола чачып турат. Биздин көзүбүзгө балбылдап жанып, жымындап көрүнөт. Бири-бирине жакын жайгашкан жылдыздар топ жылдыздарды түзөт. Мисалы: Алтын Казык, Саманчынын жолу, Чоң Жетиген, Кичи Жетиген, Үркөр жана башка топ жылдыздар бар.

Жерге эң жакын жайгашкан жылдыз – Күн.

# Ай



Ай – жердин жандоочусу. Ал жерди 30 күндө бир айланып чыгат. Ай түнкүсүн асманга жарык берип турат. Күндүн нуру айга чагылып, айды жаркыратып көрсөтөт.

Айды караганда ай бетинен кара тактар көрүнөт. Алар айдагы тоолор, ойдуңдар, түздүктөр болуп саналат.

# Күн

Күн балбылдап жанып турган чоң сары жылдыз. Күн жерге жакын жайгашкандыктан, ал бизге шардай болуп, чоң көрүнөт.


Күн нуру абдан ысык, ошондуктан биз күндү тике карай албайбыз.

Күн жерге жарык жана жылуулук берет.

Күн чыкканда айлана-чөйрө жаркырап, кооз көрүнөт.

Күндү 9 планета айланып жүрөт. Алар: Меркурий, Чолпон, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон.





## Булут



Булут кебезге окшошуп кетет. Апакебиз тамак-аш жасап жатканда, отко коюлган казандан чыккан буу сыяктуу эле, булуттар да суунун буусунан пайда болот. Булуттар чоң да, кичинекей да, ар кандай формада болушат. Асмандагы булуттар сөзсүз эле жаан-чачын болоорун билдирбейт, аларды күн ачык, аба ырайы жакшы кезде да көрсө болот.

## Жаан



Асман аба ырайынын абалына жараша өзгөрүлөт. Асман ачык жана көпкөк болсо, анда аба ырайы жакшы болот. Эгерде асман бүркөлүп, калың, кара булуттар көрүнсө, анда аба ырайы бузулат. Булуттан жерге төгүлгөн суулар жаан деп аталат.

## Кар

Суук түшкөндо булуттагы суунун буусу тоңуп калат да, музга айланат. Ал абдан кооз алты бурчтуу жылдызча түрүндөгү карга айланып, жерге түшөт.

## Чагылган

Жайында асманда калың кара булуттар чогула баштайт. Бара-бара алар асманды каптайт. Капысынан шамал башталып, булуттар бири-бирине урунуп, күркүрөгөн үн угулат. Андан кийин асман жарк дей түшөт. Ошол жаркырак чагылган болот.



## Күн желеси

Жайында асманда күн желеси пайда болот. Бул жаан жаагандан кийин, күн жаркырап тийген учурда гана көрүнөт. Күн желеси кызыл, кызгылт-сары, сары, жашыл, көк, сыя көк түстө болот. Күн желеси "асан-үсөн" деп да айтылат.

# Жылдардын аталышы






1. Чычкан
2. Уй
3. Жолборс
4. Коён
5. Балык
6. Жылан
7. Жылкы
8. Кой
9. Мечин
10. Тоок
11. Ит
12. Доңуз










- Бир жылда **365** күн бар.
- Бир айда **30** же **31** күн болот, эң кыска ай февраль, анда **28** күн бар.
- Төрт жылда **1** жолу февралда **29** күн болот.
- Бир айда **4** жума бар.
- Бир жумада **7** күн бар.
- Бир суткада **24** саат бар.

## Ай аттары:



Бирдин айы – Январь

Жалган куран – Февраль



Чын куран – Март

Бугу – Апрель



Кулжа – Май

Теке – Июнь

Баш оона – Июль

Аяк оона – Август



Тогуздун айы – Сентябрь

Жетинин айы – Октябрь

Бештин айы – Ноябрь

Үчтүн айы – Декабрь

## Жумадагы күндөрдүн аталышы:




Дүйшөмбү

Шейшемби

Шаршемби

Бейшемби

Жума

Ишемби

Жекшемби

# Кыргызстан



Кыргызстан дүйнө жүзүндөгү кооз жерлердин бири. Ак мөңгүлүү тоолор, жайлоолор, шаркырап аккан көк-кашка суулар, карагай-черлүү токойлор бар.



Тоолордо түрдүү чөптөр, гүлдөр, өсүмдүктөр өсөт. Алардын бири – Баткенде өсүүчү кооз Айгүл гүлү. Айгүл гүлү коргоого алынган.

Тоолордун бийик жеринде илбирс жашайт. Илбирс – дене түзүлүшү, кыймыл-аракети



мышыкка окшогон, шамдагай жырткыч. Ал сейрек кездешүүчү жырткыч айбанат катары бааланып, корукка алынган.

Кыргызстан сууга бай. Мекенибизде эки миңге жакын көлдөр бар. Атактуу Нарын дарыясы менен тоо бермети Ысык-Көл Кыргызстандын сыймыгы болуп эсептелет.



Тоонун этегинде, төмөн жакта мээ кайнаткан ысык болсо, бийик жакта, жайлоодо жаан, мөндүр, кар жаап, суук болушу мүмкүн.

Кыргызстандын эң суук жери Ак-Сай, Арпа, Суусамыр өрөөндөрү. Ал эми Ош, Жалал-Абад тарапта жайкысын аябай ысык болот.

Кыргызстан мына ушундай кутман жер.



# Жаз





Жазында күн узарып, жер жылыйт. Токойлор, тоолор, талаал
жапжашыл болуп, бак-дарактар бүрдөйт. Түркүн чөптөр чыгы
байчечекейлер гүлдөйт. Келгин куштар учуп келишет. Жазын



кой, эчки, уй, жылкылар төлдөйт. Козу, улак, музоо, кулундар тоого жайытка чыгышат. Эл жер айдап, эгин эгишет, бакчаларга көчөттөрдү отургузушат.

## 8-март –




***8-март*** – апалардын, эжелердин жана кыздардын майрамы. Кыргызстанда 8-Март 1920-жылдан бери майрамдалып келет. Бул майрамды дүйнө элдери белгилейт. Ал – өзгөчө майрам. Кыргыздар

# Аялдардын Эл аралык күнү



байыркы замандан бери аялды үйдүн куту, баланын энеси деп, урматтап сыйлашкан. 8-Мартта апаларга, эжелерге жана кыздарга белек тартууланат, каалоо-тилектер айтылат.


Токтогульская районная ... ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА
76853

# 21-март -



***Нооруз күнү*** – 21-мартта күн менен түн теңелет. Нооруз деген сөз "жаңы жыл", "жаңы күн" дегенди билдирет. Жаңы күндөн жаз башталат. Жазда жаратылышка жан кирет. Жерге жылуулук келет. Бул күндөрү адамдар бири-бирине жакшылык тилешип, жаман айтышпайт. Урушкандар жарашып, таарынычтар кечирилет. Жалпы түрк элдери Ноорузду жаңы жыл катары

# Нооруз



майрамдашат. Арча түтөтүп, үйүн, короосун үч айланып, үй-бүлө мүчөлөрүнүн башынан үч тегеретип "аласташат". Түнү бою көжө, сүмөлөк бышырып, аны баарына ооз тийгизишет. Ар бир үйдө майрамдык дасторкон жайылат. Илгери кечинде от жагылып, оттон секиришип, ар түрдүү оюндар уюштурулуп, майрамды кызыктуу өткөрүшкөн.

# 9-Май -



***1945-жылы 9-майда*** Улуу Ата Мекендик согушта элибиз жеңишке ээ болгон. Жеңиш күн чоң салтанат менен майрамдалат. Бул күнү адамдар түбөлүк өчпөс отко келип, курман болгондордун

# Жеңиш майрамы




урматына таазим кылышат. Жоокерлердин эстеликтерине гүл коюлат. Согушка катышкан ардагерлерге белек тартууланат.

# Жай





Жайында күн аябай ысыйт. Эл талаада эрте бышкан эгиндерди, мөмө-жемиштерди жыйнашат. Жайында кооз-кооз гүлдөр өсөт. Аарылар ызылдап, көпөлөктөр гүлдөн гүлгө учуп-конушат. Чөптүн арасында кумурскалар жана башка майда жандыктар кыбырап




жүрүшөт. Тоолуу жерлерде жайкысын жайлоодо малчылар мал багышат. Окуучулар каникулда  эс алышат. Балдар сууга түшүп ойношот, тоого чыгышат.

# 1-июнь –



Бул майрам 1959-жылдан бери белгиленип келе жатат. Бүткүл дүйнө элдери балдарды согуш коркунучунан, оорудан жана ачкачылыктан коргошу керек. Балдар – келечек ээлери. Аларга

# Балдарды коргоо күнү



кам көрүп, туура тарбиялап, коргошубуз зарыл. Бул күнү балдар үчүн атайын оюндар уюштурулат, бөбөктөргө ар кандай белектер тартууланат.

## 31-август –




*1991-жылы 31-августта* Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган. Ошондон бери бул күн кыргызстандыктар үчүн улуу күн катары эсептелет. Бул күндү чоң салтанат менен улуттук майрам катары белгилешет. 31-августту элибиз жыл

# Эгемендүүлүк күнү




сайын майрамдайт. Кыргызстан – өз алдынча эгемендүү мамлекет. Биздин Конституциябыз, туубуз, гербибиз, гимнибиз, борбор шаарыбыз, армиябыз бар. Конституция 1993-жылы майда, Гимн 1992-жылы декабрда, Туу 1992-жылы мартта, Герб 1994-жылы январда кабыл алынган.

# Күз















Күз жылдын кооз мезгили. Күзүндө жер-жемиш, жашылчалар бышып жыйналат. Бак-дарактардын жалбырактары саргайып, кызыл-ала, сарала түскө боёлуп, алтындай көрүнөт. Келгин




канаттуулар жылуу жакка учуп кетишет. Күзүндө күн кыскара баштайт. Күн салкындап, жамгыр жаайт, шамал согот. Адамдар кышка даярдык көрүшөт.

# 1-сентябрь –



**1-сентябрь** – ар бир адам үчүн эсте калаарлык, унутулгус күн. Таза, тыкан кийинген майрамдык маанайдагы окуучулар мектепке зор кубаныч менен барышат. Ушул күнү кичинекей бөбөктөр алгачкы жолу мектеп босогосун атташат. Мектептерде билим


# Билим күнү



коңгуроосу кагылат. Шайыр-шатман үндөр угулуп, класстарда балдар окуп, мектеп кайрадан жаңырат. Окуу жайларда сабактар башталат. Бардыгы Билим күнүн белгилешет.

Токтогульская районная
ЦНВ № 25941
детская библ...

# Кыш





Кышында күн кыскарып, түн узарат. Суук түшүп, кар жаайт. Тоолор, талаалар, бак-дарактар аппак кар жамынат. Суулар тоңуп, жер бети тайгак болот. Жапайы жаныбарлардын көбү чээнге



киреt. Адамдар жылуу кийинет. Малга жем-чөп берип, короолорго багышат. Балдар таза абада чана, лыжа тээп, карга тоголонуп ойношот, кардан киши жасашат.

# 1-январь -



***1-январда*** дүйнө жүзүндөгү элдер жаңы жылды майрамдашат. Жаңы жылда балаты кооздоп, түбүнө балдарга белек-бечкектерди коюп, куттуктоо салтка айланып калды. Биздин өлкөдө ар бир

# Жаңы жыл майрамы




үйдө, бала-бакчаларда жана мектептерде балаты коолдоп, ырдап-бийлеп, бири-бирине жакшы каалоо-тилектерин айтып, жаңы жыл тосушат.

# 23-февраль –
# Ата мекенди коргоо күнү



Бул күнү аскердик бөлүктөрдө параддар өткөрүлөт, концерт коюлат. Ардагер жоокерлерге белектер тартууланат, каалоо-тилектер айтылат. Байыркы доорлордон бери эле ата-бабаларыбыз жерибизди, элибизди душмандардан коргоп келген.

ИНВ № 76853 Детская библиотека




Ага Хан Фонду

## Урматтуу ата-энелер!

Кыргызстанды камтыган китеп сериясы Сиздин балаңызга мекен жана айлана-чөйрө жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү берет. Балаңыздын суроолоруна жооп бергенге Сизге керектүү булак боло алат.

Китепте кооз сүрөттөр бар. Булар бөбөктөргө табышмактуу чоң дүйнөнү түшүнүүгө жардамдашат.

Серияга төмөндөгү китептер кирет:



Кооз китеп



Тарых китеп



Керемет китеп